**Ак-Тилек орто мектебинин 2019-2020- окуу жылында социалдык педогогдун иши бонча жарым жылдык анализи.**

**Мектепте сентябрь айында окуучулардын жалпы контингентин аныктап тактоо иши жүргүзүлдү** . Социалдык коргоого муктаж балдардын жана класстардын паспорту

түзүлдү.

Жыл башында мектепте баардыгы 152 окуучу
Жарым жетимдер – 11
Көп балалуу үй-бүлөдөгү окуучулар –3
Толук эмес үй-бүлөдөгү окуучулар –9
Турмуш шарты оор үй бүлөдөгү окуучулар –9
Окубаган майыпокуучу-1

Ата- энеси тышкы миграцияда жүргөн окуучулар -4

Ата-энеси ички миграцияда жүргөн окуучулар-1

Мектепте окуган майып окуучу-1

**Сентябрь айында** 2019-2020- окуу жылына карата социалдык педогогдун иш планы талкууланып бекитилди. Мектеп окуучуларынын социалдык паспорту жана балдардын жашоо шартын иликтөө үчүн социалдык сурамжылоо анкетасы түзүлдү .. Жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, окуучулардын ,жолдо жүрүүсү тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Үй-бүлөдөгү балдарга зордук-зомбулук көрсөтүү жана күч колдонууну жоюу боюнча түшүндүрүү иштери айтылды.Штаб түзүлүп,ишеним почтасы телефону уюштурулду. Жетим жана социалдык жетимдердин тизмеси такталды. Ар бир класс жетекчи класстык сааттарды өтүп,зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү . Анда окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша «Рэкет деген эмне?» «Зомбулуксуз мектеп», «Мен жана менин укугум» «Кылмыштуулукту алдын алуу» жана башка ушул сыяктуу

Зордук-зомбулукка кабылган балдар менен педагогдор кандай мамиле түзүү керек? деген сыяктуу суроолордун үстүндө иш алып бардык.Мында окуучулар зордук-зомбулуктун ар кандай түрлөрүн белгилеп кетишти.Мисалы:

Ата-эне тарабынын болгон зомбулук

Бир тууган тарабынын болгон зомбулук

“Аракечтик адамды жок кылат” деген темада класстык сааттар өткөрүлдү. Мына ушул сыяктуу иш чаралардын жыйынтыгында окуучулар зордук-зомбулукка кабылбаш үчүн

жогоруда өтүлгөн иш чараларды туура кабыл алып,келечектин татыктуу инсандары болууга ынанышты.Өздөрү дагы өсүп келе жаткан жаш муундарга зомбулук көрсөтпөйбүз деп сөз беришти.

СПИД ке каршы эл аралык күнүнө карата лекция,

«Өзүңдү –өзүң коргоо» - деген темада семинар өткөрүлдү. Стен газеталар чыгарылып, бурчтар уюштурулуп. Өспүрүмдөрдүн ичинде өз өмүрүн кыюуга каршы түшүндүрүү иштерин өткөрдүк. Толерантуулук боюнча класстык саат 8-9-11-класстар арасында өткөрүлдү. Баңгилик, ичкилик , ВИЧ боюнча иш чаралар жана алдын ала аңгемелешүү өткөрүлүп, 9-10-11- Укук бузуулардын алдын алуу , кылмыштуулукту алдын алуу суидцидке каршы чогулушун өткөрүлдү.Окуу жылынын башында укук буузулардын алдын алуу бонюча план түзүлүп, бекитилген. Пландын негизинде иш жүргүзүлүп турат. Укук буузуладын алдын алуу кеңешмесинде тартип бузган окуучулардын тартиби каралып турат. Окуучуларга жол кырсыктарын алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Соц педагог жана класс жетекчилер менен бирдикте кооптуу үй-бүлө, зордук-зомбулукту алдын алуу тууралуу сурамжылоо иштери жүргүзүлдү.

**Декабрь айында** сергек жашоо образына үгүттөө боюнча 9-11-класстын окуучуларына соц педагог, ден-соолук комитети, класс жетекчилер болуп түшүндүрүү иштери болду.

5-11-класстын окуучуларына мектептин ИДНи Асылбек уулу Саддам кылмыштуулукту алдын алуу жана сабактан көп калган окуучуларга тегерек стол өттү. Ишеним почтасына анализ жүргүзүлдү.

Класс жетекчилер менен бирдгикте сабакты көп калтырган окууучулар 6-класстын окуучусу Харченко Владимир, 3-класстын окуучусу Харченко Никиталардын апасы менен байланышып иш жүргүзүлдү.

**Соц педагог :** Орозобаева. Б. К.